**Ош мамлекеттик университети**

**Юридикалык факультети**

**“Криминалистика, соттук экспертиза жана бажы иши” кафедрасы**

**ЭК-1-23 тайпасынын 4-апталык кураторлук саатынын**

**№4 ПРОТОКОЛУ**

**Куратордук саат аталышы:**

“Студенттин жүрүм-турум Кодекси менен тааныштыруу жана студенттин коопсуздугу”

**Убактысы:** 25-сентябрь 2023-ж.

**Катышкандардын саны:** 6

**Катышпаган студенттер:** 0

1. **Куратордун мамлекеттеги, университеттеги, факультеттеги иштер жөнүндө расмий маалыматтары:**
- Ош мамлекеттик университети негизделгенине 85-жыл толду;
- “ОшМУ Студент” мобилик тиркемесинен контрак жана жетишүү малыматтарын карап туруу мүмкүнчүлүктөрү;
2. **Окуу боюнча апталык жыйынтык:**

| **№** | **Сабактарга жетишуусу начар студенттер** | **Предметтин аты** | **Алган баасы** |
|---|---|---|---|
| **1** | **Жок** | **--** | **-** |

| **№** | **Сабактарга келбеген студенттер** | **Канча сабак калтырды** | **Себептери** |
|---|---|---|---|
| **1** | **Жок** | **-** | **-** |

**Куратордук сабактын жүрүшү:**

-Саламдашуу;
-Студенттерди катышуусун белгилөө;
-Студенттин кодекси менен тааныштыруу жана суроолорго жооп берүү;
- Студенттин шаардагы жана окуудагы коопсуздугу тууралуу маалымат;
-Жыйынтыктоо жана Студенттердин коопсуздук үчүн тил кат жазып берүүсү;

**Тайпа куратору:** Саламатсынарбы урматтуу студенттер! Куратордук саатта силерге ОшМунун студенттерине даярдалган жобо менен тааныштыруу жана студенттин коопсуздугу боюнча силерге маалымат берем.

Кодекстин аталышы “Студенттин жүрүм-турум кодекси” деп аталат, 2021-жылдын 14-сентябрында ректор К.Г. Кожобеков тарабынан бекитилген. Кодексте чектөөлөр, академиялык эреже бузуулар (окуу процесси) жана окуу процессине байланышпаган эреже бузуулар боюнча критерийлер каралган, ал студент тарабынан катталса атайын жаза-чара колдунулат. Азыр силерге Электрондук вариантын Whatsapp группага бөлүшөм, толук таанышып чыгып, пайда болгон суроолорду кийинки куратордук саатка даярдап келесинер.

**Староста Абылкасымова С.:** -Агай, орус тилиндеги варианты барбы? Мүмкүн болсо орус вариантын да жөнөтүп койсоңуз, рахмат!

**Тайпа куратору:** Кийинки маселе, студенттин коопсуздугу боюнча. Коопсуздук адам жашоосунун баардык процессинде камсыздалыш керек, иште болсун, окууда болсун ж.б. Силердин окуу процессиндеги коопсуздугуңар:

- Окууга коомдук транспорттор менен гана келишиңер;
- Коомдук транспортто телефон, сумка ж.б. буюмдарынарга сак мамиле жасооңор;
- Коомдук транспортко аялдамалардан гана чыгып, аялдамалардан гана түшүүңөр;
- Жолду кесип өтүүдө өтмөктөн (зебрага) гана өтүүңөр жана атайын жашыл белги жанганда өтүүңөр;
- Жолду кесип өтүүдө абайлап, эки жакты карап, наушникти алып, көңүл коюп өтүүңөр;
- Жолдо тратуар менен келишиңер;
- Окууга баратканда жана үйгө баратканда кооптуу, ремонт болуп жаткан жолдон, арыктардан, тротуарлардан абайлап айланып өтүүңөр;

Мына ушул айткандардын ичинде силердин жеке коопсуздугунар жана жол-эреже коопсуздугунар да камтыйт!

Ким кандай жол-эрежелерин билет?

**Студент: Жолон уулу У.:** - Автотранспорт каражаттары менен сакталуучу жол эрежелер жана жөө жүргүнчүлөр сактоочу эрежелер! Негизи коомдук транспорттордо, аялдамалардан көрүп калабыз мындай эрежелерди.

**Тайпа куратору:** Туура айтасынар, жол коопсуздугунун эрежелеринин мындан көп анын ичинде силер, студенттерге тиешелүү гана эрежелер менен тааныштырып өттүм. Экинчи тапышрма жол эрежелеринин түрлөрүн Презентация кылып даярдап келсеңер, кийинки кураторлук саатта ар бири боюнча талкуу кыдабыз!

**Жыйынтык:**

1. **Куратордук сааттын жыйынтыгында*:***
   - ***"Жол коопсуздугун сактоого эрежелеир менен тааныштым жана ар бир студент окуудан сырткары өз коопсуздугам өзүм жооп берем"*** **деп тил кат жазып беришти.**
2. **Куратордук саатка катышкан баардык студенттер кийинки куратордук саатка:**
   - Студенттин жүрүм-турум Кодексинин студентке карата чектөөлөр жана жаза-чаралары жөнүндө жазып келүү;
   -Жол коопсуздук эрежелери боюнча Презентация даярдап келүү

   **боюна тапшырма берилди.**

Тайпа куратору: Мамашов Б.К.

Катчы, староста: Абылкасымова С.